# Кыргызстандын жалпы билим беруучу мектептеринде кыргыз тилин экинчи тил катары үйрөтүүнү өркүндөтүүнүн концепциясы

# Концепциянын мыйзамдык негизи

* КРнын Президентинин алдындагы мамлекеттик тил боюнча улуттук комиссиясынын КРда мамлекеттик тилди жана тил саясатын 2021-2025-жылдарга карата өркүндөтүүнүн Улуттук программасын шайкеш келтирилет.

# *Кыргыз тилин окутуунун негизги максаты*

* Кырыгзстанда жашаган башка улуттун окүлдөрүн күндөлүк турмуш-тиричиликтин түрдүү чөйрөсүндө жана турмуштук түрдүү кырдаалдарда кыргыз тилинде эркин сүйлөшө билүү менен сабаттуу  жазууга ээ кылуу.

# Кыргыз тилин окутуунун практикалык максаттуулугу

Ал оозеки сүйлөшүүгө үйрөтүүдөн башталмакчы, т.а. бала мектепти аяктаганда кыргыз тилинде өз оюн ачык, так, сабаттуу жазып  билдире  алышы, башка бирөөнүн сөзүн түшүнүп, болуп өткөн же боло турган окуя тууарасында  монологдук баяндоо, сүрөттөө жана ой жүгүртүү түрүндө пикрин билдире алууга жетишүүсү.

# Тарбия берүүчүлүк максаттуулугу:

* “Канча тил билсем мен ошончо кишимин”- деген накыл кептин маанисин түшүнүү кыйын деле эмес. Чындыгында, адам канча тил билсе, ошончо элдин өкүлдөрү менен баарлашып, рухий дүйөсү байып, көз карашы кеңейет, бири-биринин тилин сыйлайт, дилин түшүнөт, маданиятын урматтайт, сүйлөшүү жана жүрүм-турум маданияты калыптанат. Натыйжада балдар толеранттуулукка үйрөнөт. Булар аркылуу улуттар жакындашат, улут аралык ынтымак бекемделет.

# Кыргыз тилин окутуунун билим берүүчүлүк максаттуулугу:

* Балдар сабактан оз эне тилинен башка тил да сүйлөшүү каражаты катары өздөштүрөт, аны колдонуп, түрдүү көрүнүштөрдүн, заттардын, предметтерди атап үйрөнүшөт, тилдик фактыларды, ал тилдеги балдарга ылайык мыкты адабий үлгүлөрду окуп үйрөнүшөт.

# өстүрүүчүлүк максаты

- - Билим берүүчүлүк жана тарбия берүүчүлүк жагы менен тыгыз байланыштуу. Анда баланын тилди үйрөнүү процесси аркылуу акыл эс ишмердүүлүгү менен коомдук активдүүлүгүнүн деңгээлинин жогорулоосуна негиз болот.

# Кыргыз тилин окутуунун милдеттери

* -окуучулардын өз алдынча ой-пикирин кыргыз тилинде билдирип, темага ылайык маектеше алууга жетишүүсү;
* -кеп ишмердүүлүгүнүн угуу, окуу, сүйлөө, жазуу жана которуу түрлөрүндө деңгээлдерге жараша иштөө көндүмдөрүнө ээ болуу;
* -сабакты коммуникативдик ыкмада уюштуруу менен окуучуну турмуштук түрдүү кырдаалдарда жана чөйрөлөрдө кыргызча сүйлөө маданиятына көнүктүрүү жана кыргыз тили аркылуу дүйнө таануусун өстүрүү;
* -мектепти аяктаганда кыргыз тилинде газеттик жөнөкөй темадага макаланы жана радиодон

# Кыргыз тилин окутуунун милдеттери (уландысы)

* социалдык-маданий жөнөкөй темадагы берүүлөрдү түшүнүүгө жетишүү;
* -болуп өткөн же боло турган окуя туурасында  монологдук баяндоо, сүрөттөө жана ой жүгүртүү түрүндө пикирин билдире алуу;
* -темага ылайык тексттин мазмунун түшүндүрүп өз сөзү менен айтып бере алышы жана кырдаалган жараша темада текст түзө алуу;
* -балдар эне тилинен кыргыз тилине же тескерисинче, кыргыз тилинен эне тилине сөздүктү пайдалануу менен сөздүксүз эле которо алууга жетишүү;
* -иш кагаздарын кыргызча түзө алуу.

# Кыргыз тилин окутуунун озгочологу

* Окутуунун негизги багыт катары **окутууну коммуникативдик багытта уюштурууну** көздөйт. Сабакты коммуникативдик ыкмада уюштуруу гана окуучуну турмуштук түрдүү кырдаалдарда сүйлөшө алууга, маектеше билүүгө, анын негизинде кыргызча сүйлөө маданиятына көнүктүрүүгө мүмкүн экендигин тил үйрөтүүнүн дүйнөлүк практикасында  далилденген.

# Окутуунун мазмунунун лексикалык-коммуникативдик компоненти

* Мында **тилдик материалдардын минимуму:** фонетикалык, лексикалык, грамматикалык минимумдар так болушу, ошондой эле, зарыл **кырдаалдык-тематикалык минимумдар** да туура иштелип чыгышы зарыл. Демек, тилди үйрөнүүнүн **лексикалык-коммуникативдик компоненти** (сөз+колдонуу технологиясы) негизги ролду ойнойт.

# Кыргыз тилин окутуунун лингво-өлкөтаануучулук компоненти

- Ал аркылуу балдар кыргызча сүйлөшүүгө гана көнүкпөстөн, кыргыз  элинин рухун, улуттук салт-санаасын, маданияты менен тарыхын, географиясы менен жаныбарлар дүйнөсүн, белгилүү адамдарын жана алардын эмгеги менен өмүрүн  үйрөтүшөт. Алар окутуунун мазмунун ар тарабынан тереңдетет жана байытат.

# Кыргыз тилин үйрөнүүнүн методологиялык багыттары

* – тилди адамдардын өз ара карым-катышынын куралы катары үйрөтүү (коммуникациянын куралы катары);
* – тилди улуттук маданиятты таануунун каражаты катары үйрөтүү; (таанытуучу лингвистика, т.а. лингвоөлкө таануу багыты);
* – тилди инсанды өнүктүрүүнүн куралы катары үйрөтүү;
* – тилди коомду ич ара байланыштырып бириктирүүнүн каражаты катары үйрөтүү;

# Кыргыз тилин үйрөнүүнүн методологиялык багыттары (уландысы)

* – тилди билим алуунун каражаты катары үйрөтүү;
* – тилди инсандын социалдык-турмуштук талабын канааттандыруу куралы катары үйрөтүү;
* – тилди жашап жаткан чөйрө менен социалдашуунун каражаты катары үйрөтүү.

# Кыргыз тилин окутуунун методикалык принциптери

* 1). Коммуникативдик-маданият аралык  баарлашууга үйрөтүү принциби;
* **2)** Кыргыз тилин экинчи тил катары окутуудагы усулдук принциптердин кататарында **деңгээлдерде** окутуу прициби;
* 3. Баарлашууга багыт берүүчүлүк принциби;
* 4) Окутуунун кырдаалдык-тематикалык принциби;
* **5) Окуучунун эне тилиндеги өзгөчөлүгүн эсепке алуу принциби;**
* **лингво-улуттук маданиятты таануучулук принциби.**

# Кыргыз тилин натыйжалуу окутуунун факторлору:

- 1. **Кыргыз Республикасында кыргыз тилине болгон коомдук талаптын, ал тилде сүйлөөгө болгон турмуштук зарылдыктын** түзүлүшү;
- 2.Кыргыз Республиканын ар бир жараны, асыресе, мектеп окуучусу **кыргыз тилин үйрөнүүгө жана сүйлөөгө болгон ички зарылдыктын, каалоо сезиминин, ички керектөөнүн** (мотивация) болуусу.;
- 3. . кыргыз тилинин бала үчүн жашоо каражаты катары кызмат кылуусу;
- 4. Төртүнчүдөн, күндө **кыргыз тилинде сүйлөөгө болгон турмуштук жандуу практиканын** болушу.

# Кыргыз тилинде суйлошуу чойролору:

* **1.Баланын өздүк жана күндөлүк турмуш-тиричилик чөйрөсү . *Буга төмөндөгү тематикалар кирет:*** баланын өзү, аты-жөнү, чоң ата, чоң-энеси, бир туугандары, жашаган үйү, бөлмөсү, өздүк буюмдары, үй дареги, күндөлүк эрежеси, үй турмушу, бир туугандарына камкордук көрүү, ата-энеге жардам берүү, үй буюмдары, кийим-кечектер, эмеректер, идиш-аяктар, тамактануу, үйдө аткаруучу күндөлүк иштер, ата-энени сүйүү жана сыйлоо, бир туугандарына урматтоо менен мамиле жасоо, улууну урматтоо, кичүүнү ызааттоо, кыргызча учурашуу, таанышуу, кечирим суроо, уруксат суроо, ж.б.

# Кыргыз тилинде суйлошуу чойролору:

* **2. Коомдук, социалдык-маданий чөйрө**. ***Буга төмөндөгү тематикалар кирет***: бала туулуп-өскөн, жашаган жана окуган айыл, шаар, көчө, айылдагы жана шаардагы социалдык шарттар,  мектептер, түрдүү мекемелер (эс алуу жайлары, дүкөндөр, китепканалар, клуб, кино-театр, оорукана, спорт аянтчалар, музейлер, Кыргыз Республикасы, Ала-Тоо жергеси, Өкмөт үйү, зоопарк, базар), кыргыздын ыйык жерлери, улуттук майрамдар ж.б. тууралуу окуу материалдары жана ушул багыттагы сүйлөшүүлөр**.*, ж.б.***

# Кыргыз тилинде суйлошуу чойролору:

- **3.Окуу-таануу чөйрөсү.** ***Буга төмөндөгү тематикалар кирет***: баланын туулуп-өскөн мекени, Кыргыз Республикасы, кыргыздын улуттук баатырлары, Манас, кыргыз эли, кыргыз жери, кыргыздын белгилүү адамдары, Кыргызстанда жашаган башка улут өкүлдөрү, баланын окуган мектеби, мектебинин дареги, классы, окуу куралдары, окуу эмгеги, окуткан мугалими, классташтары, мектептеги достору, окуу предметтери, кыргыз тили сабагы, мектептеги жүрүм-туруму ж.б.

# Кыргыз тилинде суйлошуу чойролору:

* **4.Эмгек жана кесип чөйрөсү. Буга төмөндөгү тематикалар кирет:** эмгектин мааниси, түрдүү кесиптер, кесип ээлери, ата-энени кесиптери, бош убакыт, китеп, музыка, бий, музыкалык аспаптар, ийримдер, мектептеги окуу предметтери, завод, фаврика,теле-радио, театр, журналистика, актер, кино-фильм, театр, спорттун түрлөрү, балдар эмнени каалайт, эмнени жактырат, келечекте ким болгусу келет, келечек максаттар, сүйгөн иши, кесиби тууралуу окуу материалдары ж.б.

# Кыргызча тил билуу денгээлдери: А1 денгээли

* **А1 Баштапкы деңгээл** экиге бөлүнөт. Анын ичинен, карапайым көндүмдөр (А 1.1.*кыргыз тилин үйрөнүүгө багыттоочу мезгил)* 1-класста калыптанат,анда  башка тилдүү балдардын  кыргыз тилин үйрөнүүгө киришүү  мезгили болуу  менен, анын эң жөнөкөй  көндүмдөрүнө ээ кылат. Ал деңгээлге  жогоруда белгилеген сфералардын ичинен баланын инсандыгына, анын  жашоо жана окуу чөйрөсүнө жакынырaактарын камтыган тилдик жана сүйлөө көндүмдөрү тартылат.

# Кыргызча тил билуу денгээлдери: А1 денгээли

* 2-3-4-класстарды камтыган **А1.2-Жөнөкөй көндүмдөр** (*эң жөнөкөй тилдик жана сүйлөшүү көндүмдөрүнө машыктыруу мезгили*) да балдарды турмуштук жөнөкөй сфераларында сүйлөшүп-пикирлешүүгө көнүктүрүүнү улантат, аны баштапкы киришүү деңгээлиндеги баарлашуу көндүмдөрү менен тилдик материалдар байытат.
* Бирок мындагы кадыресе көмдүмдөрдүн талаптарындагы башкы айырмачылык- анын түзүлүшү үч этаптан турат, т.а. кыргызча баарлашууга болгон баштапкы жөнөкөй көндүмдөр калыптанып, андан ары баштапкы орто көндүмдөр бекемделет

# Кыргызча тил билуу денгээлдери: А2 денгээли

* **А2 Калыптануу деңгээли** деп аталган-5-9-класстарды камтыган (*тилдик жана сүйлөшүү көндүмдөрүнө, сабаттуулукка калыптандыруу, активдештирүү мезгили*) кадыресе деп аталган деңээлде окуучулар кыргызча сүйлөөдө жана жазууда, негизинен, буга чейинки (башталгыч класстарда) ээ болгон баштапкы көндүмдөрдү бекемдеген, кадыресе тилдик жана сүйлөшүү көндүмдөрүнө ээ болгон, кыргызча сабаттуу жазууга машыга баштаган өткөөл мезгил катары бааланат.

# Кыргызча тил билуу денгээлдери: В1 денгээли

* **В** деңгээли кыргыз тилин **өз алдынча колдоно билүү деңгээли** деп аталат жана ал эки этапта ишке ашат. Анын биринчи этабы –В1 деңгээли 10-11-класстарды (*өз алдынча чыгармачыл ишмердүүлүктөрдү өнүктүрүү мезгили*) камтуу менен, орто мектептин окуу курсу жалпыланат.
* Бул мезгилде окуучулар кыргыз тилин синтаксистик негизде, т.а. «сүйлөөгө сүйлөшүү аркылуу», «сүйлөшүүнүн жүрүшүндө үйрөнүү» принцибинде жана чыгармачыл ишмердик багыттарда, байланыштуу үлгү тексттер аркылуу тил үйрөнүүгө активдүү киришишет.

# Кыргыз тилин окутууга коюлган дидактикалык талаптар:

* 1.Кыргыз тилин үйрөтүүнүн практикалык максатка туура келиши;
* 2.Кыргыз тилин үйрөтүүнүн практикалык максаты анын методикасына дал келиши;
* 3.Кыргыз тилин  үйрөтүүнүн натыйжалары максатка туура келиши;
* 4. Кыргыз тилин  үйрөтүүнүн натыйжаларынын компетенттүүлүктөрдүн каптанышына кызмат кылышы;
* 5.Кыргыз тили сабагынан алган окуучулардын баалары сабактын натыйжаларына жана  компетенттүүлүктөргө дал келиши;

# Кыргыз тилин окутууга коюлган дидактикалык талаптар:

* 6.Кыргыз тилин үйрөтүүнүн мазмуну менен турмуштук практиканын талаптарынын төп келиши;
* 7.Грамматикалык материалдарды үйрөтүүдө анын фунционалдык-практикалык жагынын болушу;
* 8. Текст менен кеп өстүрүүнүн бирдиктүүлүгүнө жетишүү;
* 9. Кыргыз тилин окутуунун баланын кызыкчылыгы менен дал келиши;
* 10. Кыргыз тилин үйрөтүү тилдин турмуштук курал катары колдонуп жашоо зарылдыгына жооп бериши.

# Кыргыз тилин окутууда калыптануучу компетенттуулуктор:

- **1. Тилдик компетенттүүлүктөр:**
- – тилдин системасы боюнча теориялык билимге ээ болуу;
- – адабий тилдин нормасын билүү;
- – тилдик кор, сөздүк курамы жөнүндө билимге ээ болуу;
- – тилдин сөздүк байлыгына ээ болуусу;
- – тилдин грамматикалык түзүлүшүн билүү;
- – тилдик көрүнүштөрдү (формаларды) талдай билүүсү;
- – сөздүктөр менен иштей билүү;
- – орфографиялык сабаттуулугу;
- – сөздөрдү, сүйлөмдөрдү түзө билүүсү.

# Кыргыз тилин окутууда калыптануучу компетенттуулуктор:

* **2. Коммуникативдик компетенттүүлүктөр:**
* – кеп ишмердүүлүгүнүн бардык түрлөрүнө жараша иштей алуусу;
* – кеп маданиятына үйрөнүүсү;
* – кептин стилдерине жараша иштей алуусу;
* – түрдүү чөйрөдө сүйлөө ишмердүүлүгүнө ээ болуусу;
* – сүйлөшүү этикетин өздөштүрүүсү;
* – кептин функционалдык түрлөрүнө жараша иштей алуусу;
* – кыргызча кеп этикетине жатыгуусу, ээ болуусу.

# Кыргыз тилин окутууда калыптануучу компетенттуулуктор:

* **3. Когнитивдик, т.а. лингвоэтномаданий компетенттүүлүктөр:**
* – тил аркылуу улуттук маданияттын баалуулуктарын үйрөнүү (тил – маданият);
* – тил менен элдин тарыхын байланышта карап үйрөнүү (тил – тарых);
* – улут аралык сүйлөшүү маданиятына үйрөнүү;
* – тил аркылуу элдик психологияны үйрөнүү;
* – тил аркылуу улуттук сөз өнөрүн үйрөнүү.
* Натыйжада, тил аркылуу элдин маданиятын (элдик тилди, этнолингвистиканы), тарыхын, салт-санаасын, үрп-адатын аңдап билүү, сөздөрдүн маанилерин, түркүн сырларын үйрөнүү, алардын негизинде элибиздин менталитетин иликтеп билүү ишке ашмакчы..

# Кыргыз тилин окутууда колдонулуучу методдор:

* 1.окутуунун коммуникативдүүлүгү (Е.Пассов),
* 2.өнүгүүнүн активдүү зонасы (Л.С.Выготский),
* 3. акыл ишмердүүлүгүн этап менен өнүктүрүү (П.Я.Гальперин),
* 4.өнүктүрүп окутуу теориясы (Д.Б.Эльконин П.И.Давылов, В.И.Зинченко ж.б.),
* 5.таанып-билүү ишмердүүлүгүн башкаруу теориясы (В.Н. Беспалько, Н.Т.Талызина);

# Кыргыз тилин окутууда колдонулуучу методдор:

* 6.баланын инсандыгын эске алып окутуу (И.С.Якименская, И.Б.Бекбоев),
* 7.кеп ишмердүүлүгү  теориясы (А. Леонтьев), 8.проблемалык окутуу (Махмудов, К.Иманалиев, Б.Өмүралиев),
* 9.тилди түздөн-түз үйрөтүү,
* 10.тездетип үйртөтүү методдору,
* 11.Интерактивдуу методдор;
* 12. денгээлдеп уйротуу методу…

# Тил билуу денгээин тастыктаган сертификат

* Окуучулар мектепти B1 денгээлинде аяктаган сон, кыргыз тилин экинчи тил катары окутуунун предметтик стандартын жана орто мектептин программалык материалын толук өздөштүрүп, кыргызча сүйлөөгө кеңири жатыгып калышат жана **орто деңгээлдеги тил билүү сертификатына ээ болуп**, мектепти аякташат.
* Бул сертификат Жогорку окуу жайында кируу сынагында эске алынат жана студенттер ЖОЖдордо профилдик багыттарда B2 денгээлинде кыргыз тилин окуп-уйронууну улантышат.

# Аягы

* Конул бурганыныздага ыракмат!

* С.К.Рысбаев, профессор
* Кыргыз билим беруу академиясы